# Ош мамлекеттик университетинин Чыгыш таануу институтунун Окумуштуулар кеңешинин 2023-2024-окуу жылындагы отурумунун № 7-токтому

**24.04.2024-ж.** **Ош шаары**

1. **Төрага -** Бөтөнөев Ж.С., Чыгыш таануу институтунун директору;
2. **Катчы -** Таирова А.Ш.;
3. **Катышуучулар:** ОшМУнун Чыгыш таануу институтунун Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү жана профессордук-окутуучулук курамы. (Каттоо баракча жана иш-план тиркелет).

**Күн тартиби:**

1. Студенттерди, магистранттарды даярдоонун сапатын баалоо каражаттар фонду жана окуу-усулдук каражаттар менен камсыздалышынын абалы **(Кафедра башчысы, усулдук кенеш).**
2. Институттагы практикаларды уюштуруунун абалы, көйгөйлөрү жана перспективалары **(Кафедрадагы практика боюнча жооптуу)**

3. Ар түрдүү маселелер.

Окумуштуулар кеңешинин отурумун Чыгыш таануу институтунун директору, доцент Ж.С.Бөтөнөев ачып, күн тартибиндеги маселелер менен тааныштырды. Студенттерди, магистранттарды даярдоонун сапатын баалоо каражаттар фонду жана окуу-усулдук каражаттар менен камсыздалышынын абалы усулдук кеңештин төрайымы А.Д. Бабаевага сөз берилди.

**1-маселе. Угулду:**

Студенттерди, магистранттарды даярдоонун сапатын баалоо каражаттар фонду жана окуу-усулдук каражаттар менен камсыздалышынын абалы боюнча чыгыш таануу институтунун усулдук кеңешинин төрайымы А.Д.Бабаева маалымат берди. Студенттердин, магистранттардын учурдагы (УТ), аралыктагы (АТ) жана жыйынтыктоочу (ЖТ) текшерүүлөрдөгү билимин баалоодо текшерүү каражаттары окутууга компетенттүүлүк мамилеге ылайык түзүлүүсү камсыз кылууну, студенттердин билимин баалоодо онлайн платформаларын колдонуу күчөтүүнү белгиледи. Институтда студенттердин, магистранттардын билимин баалоонун критерийлери жөнүндөгү эрежелер камтылган баалоо каражаттарынын фонду жөнүндө жобого шайкеш келишин талап кылды. Ошондой эле чыгыш таануу институтундагы жалпы профессордук-окутуучулук курамдын окуу усулдук документациясын текшерүүнүн жыйынтыгы менен тааныштырды.

**Сөзгө чыкты:** Чыгыш таануу институтунун окутуучусу Ш.И.Носиров баалоо критерийин жана механизмдерин конкреттүү берүү керекби?- деген суроо менен кайрылды.

**Жооп:** Чыгыш таануу институтунун усулдук кеңешинин төрайымы А.Д.Бабаева ар бир предметке тематикага ылайык компетенция жана баалоо механизмдери, критерийлери иштелип чыгуу зарылдыгын эскертти.

**Сөзгө чыкты:** Чыгыш таануу институтунун директору, доцент Ж.С.Бөтөнөев ачык сааттардын журушу, анализ, баалоо боюнча маалымат берүүсүн кошумчалады.

**Жооп:** Чыгыш таануу институтунун усулдук кеңешинин төрайымы А.Д.Бабаева июндун аягы дисциплиналар боюнча БКФ структура, шаблон иштелип чыгат деген маалымат кошумчалоо менен ачык саттар жыл аягында отчетто киргизүүнү сунуштады.

**Сөзгө чыкты:** Чыгыш таануу институтунун директору, доцент Ж.С.Бөтөнөев жаны окуу жылында жаны усул жана система менен иштөөнү эскертүү менен Силлабус, өз ара

сабакка катышуу, жана ар бир предметник окуткан дисциплинасы боюнча окуу-усулдук колдонмо, китепчелерди иштеп чыгууну тапшырма берди.

**2-маселе. Угулду:** Чыгыш таануу институтунун директору, доцент Ж.С.Бөтөнөев институттагы практикаларды уюштуруунун абалы, көйгөйлөрү жана перспективалары боюнча маселени бүтүрүүчү курстардын жана 3- курстардын практикасы жыйынтыктала экендигине байланыштуу кийинки отурумга калтырууну колго салды.

**3-маселе. Ар түрдүү маселелер. Угулду:** Чыгыш таануу институнун директору, доцент Ж.С.Бөтөнөев Окумуштуулар кеёешине SCOPUS га макалаларды жайгаштыруу жана туура илимий-метрикалык журналдарды табуу боюнча ОшМУнун SCOPUS рейтинг боюнча атайын кызматкерлерин чакырып, маалымат берүүсүн сурангандыгын билдирүү менен тааныштырды.

**Сөзгө чыкты:** Ошондой эле китепканада чыгыш таануу жана лингвистика багыты боюнча камсыздаган китептер боюнча чыгыш таануу кафедрасынын кафедра башчысы, доцент Э.М. Эркебаев маалымат берди. Китепканада жалпысынан: 25000 китеп бар, андан 6000 ге жакын китеп чыгыш таануу кафедрасы тарабынан откорулгон китеп экендигин маалымат берди. Кыргыз тили, философия, орус тили предметтеринен 260-270 китеп камтылуусун белгиледи. Андан сырткары 2023-2024- окуу жылына карата тендерге сунушталган китептер бар экендигин кошумчалады.

Күн тартибиндеги маселелерди **талкуулоо боюнча айтылган сунуш-пикирлерди эске алып**

**ТОКТОМ кылат:**

1. Студенттерди, магистранттарды даярдоонун сапатын баалоо каражаттар фонду жана окуу-усулдук каражаттар менен камсыздалышынын абалын сунуш-пикирлерди эске алуу менен канааттандыраарлык деп табылсын.
2. Ар бир окутуучу өзү окуткан дисциплина боюнча негизги жана кошумча адабияттар тизмесин берүү милдеттендирилсин.
3. Окутулуп жаткан багыттар боюнча атайын китеп фонду жана QR код түзүлсүн.
4. Чечимдердин аткарылуусу Окумуштуулар кеңешинин **төрагасы** Чыгыш таануу институтунун директору, доцент Ж.С.Бөтөнөевге жүктөлсүн.

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы:** т.и.к., доцент Ж.С.Бөтөнөев

**Окумуштуулар кеңешинин катчысы:** АШ. Таирова